**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ БИОТЕХНОЛОГИЯ ИНСТИТУТУ**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ ТОО ФИЗИОЛОГИЯСЫ ЖАНА МЕДИЦИНА ИНСТИТУТУ**

Д 03.23.680 диссертациялык кеңеши

Кол жазма укугунда
УДК 579:591.5(575.2)(043)

Сариева Гүлмира Едигеевна

# КЫРГЫЗСТАНДЫН ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУНДАГЫ АГРО- ЖАНА БИОАРТҮРДҮҮЛҮККӨ АНТРОПОГЕНДИК ФАКТОРЛОРДУН ТААСИРИ

03.01.06 – биотехнология
03.02.08 – экология

Биология илимдеринин доктору илимий окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын
**автореферати**

**БИШКЕК – 2025**

Диссертациялык иш К. Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин табигый жана медициналык илимдер кафедрасында аткарылган

**Илимий жетекчи:** **Жунушов Асанкадыр Темирбекович**
ветеринария илимдеринин доктору, КР Улуттук илимдер академиясынын академиги

**Расмий оппоненттер:** **Девришев Давудай Абдулсемедович**
биология илимдеринин доктору, И. Скрябин атындагы Москва мамлекеттик ветеринардык медицина жана биотехнология академиясынын иммунология жана биотехнология кафедрасынын профессору

**Какимжанова Алмагуль Апсаламовна**
биология илимдеринин доктору, профессор, Казак Улуттук Биотехнология Борборунун биотехнология жене өсүмдүктөрдүн селекциясы лабораториясынын жетекчиси

**Бекболотова Айгуль Керимкуловна**
биология илимдеринин доктору, И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин «Техносфералык коопсуздук» кафедрасынын профессору

**Жетектөөчү мекеме:** аль-Фараби атындагы Казак Улуттук Университети (Алматы, 050040, пр. Аль-Фараби, 71)

Диссертацияны коргоо 2025-жылдын «          » _____ саат биология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Биотехнология институту жана тең уюштуруучу Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Бийик тоо физиологиясы жана медицинасы институтуна караштуу Д 03.23.680 диссертациялык кеңешинин отурумунда өткөрүлөт. Дареги: 720071, Бишкек ш., Чүй пр., 265, 303-ауд. Диссертацияны коргоонун видеоконференциясынын шилтемеси: https://vc.vak.kg/b/032-kpg-yve-qhh .

Диссертация менен Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын китепканасынан (Бишкек ш., Чүй пр., 265а) жана https://stepen.vak.kg/wp-content/uploads/2024/10/16-okt-Dissertaciya-Sarieva-novaya-yazvimost-i-prognoz.pdf сайтынан таанышууга болот.

Автореферат 2025-жылдын____________ таркатылды.

Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы,
биология илимдеринин кандидаты А.А. Казыбекова

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Изилдөө темасынын актуалдуулугу.** 2020-жылдагы SARS-COV-19 вирусунун пандемиясы илимпоздордун өзгөчө көңүлүн биологиялык ар түрдүүлүктүн деңгээли менен эпидемиялардын жана эпизоотиялардын күчөшүнүн ортосундагы байланыштын глобалдык көйгөйүнө бурду. Адамдын, жаныбарлардын, өсүмдүктөрдүн жана айлана-чөйрөнүн ден соолугунун өз ара аракеттенүүсү «Бир ден-соолук» концепциясынын негизин түзөт. Ал адамдын ден соолугу жана Жердин экосистемаларынын экологиялык абалы менен байланышы жөнүндө дисциплиналар аралык окуу катары экологдордун, биологдордун, ветеринарлардын жана эпидемиологдордун көбүрөөк көңүлүн буруп жатат. “Суюлтуу эффекти” теориясына ылайык, мите-кожоюн жуп деңгээлинде биоартүрдүүлүктүн жоголушу инфекциялык оорулардын күчөшүнө өбөлгө түзөт, муну жарганаттар арасында эпизоотия катары башталган акыркы коронавирустук пандемия далилдейт [S. Morand, 2020]. Ошондой эле жаныбарлардын, адамдардын жана өсүмдүктөрдүн башка оорулары мисалы катары [R. F. Hechinger и соавт., 2005; P. T. Johnson и соавт., 2015].

Кыргызстандын Ички Тянь-Шандын бийик тоолуу экосистемаларында тарыхый жактан калыптанган тирүү организмдердин эбегейсиз көп түрдүүлүгү бүткүл Борбордук Азиядагы тиричиликтин үзгүлтүксүздүгүн камсыз кылган эң маанилүү табигый ресурс болуп саналат [Э. Ж. Шүкүров, 2007]. Ошол эле учурда Кыргызстанда биологиялык ар түрдүүлүктүн кыскарышына эң күчтүү таасир эткен адамдын чарбалык ишмердүүлүгү – көчмөн кыргыздар үчүн тарыхый салт болгон, XX кылымда интенсивдүү өнүгүүгө ээ болгон мал чарбачылыгы, өсүмдүк өстүрүү, мөмө-жемиш чарбасы, тоо-кен казып алуу, жана акыркы жыйырма жылда активдүү өнүгө баштаган туризм.

Кыргызстандын бийик тоолуу жайыттарында – сырттарда өзгөчө коркунучтуу оору – кара тумоо оорусунун табигый очокτору жайгашкан, алардын негизги алып жүрүүчүлөрү боз жана кызыл суурлар (*Marmota baibacina*, M. *caudata*) жана чычкан сымал майда кемирүүчүлөр [Д. И. Бибиков, 1973]. Бул жерде 20-кылымдын башынан бери бир нече жолу жаныбарлар алып жүрүүчүлөр арасында кара тумоонун эпизоотиялары байкалган. Ошондой эле жергиликтүү калктын арасында эпидемиялык очоктор катталган [О. Н. Гаврилова, 2017].

Эпидемиологиялык кырдаалды көзөмөлдөө боюнча мамлекеттин күч-аракети кара тумоо козгогучунун негизги алып жүрүүчүсү – боз суурдун табигый чөйрөсүндө – бийик тоолуу альпы/субальпы шалбааларында жана сырттарда санын азайтууга, ошондой эле алардын эктомителерин (бүргөлөр, кенелер жана биттер) жок кылууга багытталган. Ысык-Көл облусунда 1950-жылдардан бери жүргүзүлүп жаткан эпидемияга каршы масштабдуу иш-

чаралар 1982-2012-жылдары Жогорку Нарын (ЖН) жана Сары-Жаз (СЖ) очокторунун активдүүлүгүнүн солгундашына алып келген. [Э. Ш. Ибрагимов, 2015]. Бирок, 2012-жылдан бери бул аймактарда жыл сайын кайрадан эпизоотиялар, андан тышкары, адамга инфекция жуккан бир учур катталды [Г. А. Ерошенко и соавт., 2020].

Кыргызстандын Ысык-Көл облусу тоолуу экосистемалардын уникалдуу биологиялык ар түрдүүлүгүнөн тышкары, айыл чарба мөмө-жемиш өсүмдүктөрүнүн тарыхый көп түрүнө ээ [И. В. Солдатов, 2012]. Бул жерде алма, алмурут жана өрүк өзгөчө кеңири таралган, алардын Кыргызстанда өстүрүлгөн жана жергиликтүү топурак-климаттык шарттарга ийгиликтүү климатташтырылган көптөгөн сорттору эң маанилүү генетикалык ресурсту – жагымсыз факторлорго туруктуулук үчүн жооптуу гендердин “Алтын фондун” түзөт. Бул сорттор көптөгөн илдеттердин козгогучтарына туруктуу болуп, өзгөчө мөмө даамына ээ. Мындай уникалдуу генофонддун сакталышы региондогу азык-түлүк коопсуздугунун негизги фактору болуп саналат. Түндүк Кыргызстандын бийик тоолуу аймактары да жапайы мөмө өсүмдүктөрүнө бай, алардын ичинен чычырканак, ит мурун, калина, бөрү карагат, жапайы карагат, четин ж.б. Бирок, ааламдашуу шартында жапайы мөмө бадалдарынын өсүүчү аянтынын кыскаруу, мөмө-жемиш өсүмдүктөрүнүн калк үчүн салттуу болгон жергиликтүү сортторун чет өлкөдөн алып келген сортторго алмаштыруу жана жемиш бактарга ар кандай фитопатогендердин зыян келтирүү коркунучу пайда болот.

**Диссертациянын темасынын илимий программалар (долбоорлор) жана фундаменталдык изилдөө иштери менен байланышы**. Диссертациялык иш К. Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинде (ЫМУ) төмөндөгү мамлекеттик жана эл аралык долбоорлордун алкагында аткарылган: «2050-жылга карата Ысык-Көл облусунун Ак-Суу районунун калкынын кара тумоо оорусунан аялуулугун болжолдоо» КР ББжИМ №РК 24.1.014 (2024); «Кыргызстанда мөмө-жемиш өсүмдүктөрүнүн бактериялык күйүүсүү дарылоо үчүн биологиялык препаратты иштеп чыгуу жана сыноо» КР ББжИМ №68 (2021-2023); Германиянын Академиялык Алмашуу Кызматынын Фондунун Евразия стипендиясы (DAAD, 57695565) «Кыргызстандын Ысык-Көл облусундагы мөмө-жемиш өсүмдүктөрүнүн бактериялык патогендүү штаммдарын молекулярдык-генетикалык идентификациялоо» (2023-ж. июль-август); Атомдук энергия боюнча Эл аралык агенттик (МАГАТЭ) RER5024 “Европадагы жана Борбордук Азиядагы негизги азык-түлүк өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгүн жана климаттын өзгөрүшүнө туруктуулугун жогорулатуу” (2020-2024); Эл аралык илимий-техникалык борбор (ЭИТБ) №KR-1784 «Кыргызстандын Ысык-Көл облусунун калкынын биологиялык коопсуздугун камсыз кылуу максатында кара тумоо

оорусунун эпидемиологиясын жана эпизоотологиясын изилдөө» (2010-2013); №KR-2111 "Кыргызстанда жана Казакстанда ГИС технологияларын колдонуу менен трансчек Сары-Жаз кара тумоо очогунун молекулярдык-генетикалык мониторинги жана паспорттоштурлуусу" (2014-2018); Борбордук Азия Университетинин Тоо коомдорун Изилдөө Институтунун (CAARF) Борбордук Азия жана Афганистан боюнча илимий программасы «Кыргызстандын Ысык-Көл жана Нарын облустарындагы мөмө-жемиш, жаңгак өсүмдүктөрүнүн жана алардын жапайы тектештердин артүрдүүлүгүн изилдөө» (2014-2016).

**Изилдөөнүн максаты.** Кыргызстандын Ысык-Көл облусундагы бийик тоолуу экосистемалардын жаныбарлардын биологиялык ар түрдүүлүгүнө жана мөмө-жемиш өсүмдүктөрүнүн агротүрдүүлүгүнө узак мөөнөттүү антропогендик иш-аракеттердин таасирин баалоо.

**Изилдөө милдеттери**:

1. Ысык-Көл облусунун бийик тоолуу зоналарында жайгашкан кара тумоо табигый очокторунун аймактарында чөп жечүү жаныбарлардын жана алардын эктомителеринин санына жана түрдүк курамына адамдын узак мөөнөттүү ишмердүүлүгүнүн таасирине баа берүү.

2. Молекулярдык-генетикалык жана классикалык ыкмаларды колдонуу менен Ысык-Көл областынан бөлүнүп алынган *Yersinia pestis* штаммдарын аныктоо жана дүйнөдө белгилүү штаммдар менен байланышына филогенетикалык талдоо жүргүзүү.

3. 2016-2050-жылдарга Ысык-Көл облусунун Сары-Жаз табигый кара тумоо очогунун аймагында жашаган калктын эпидемиологиялык тобокелдигине, коркунучуна жана аялуулугуна математикалык анализ жана болжолдоо жүргүзүү.

4. Ысык-Көл облусундагы Ак-Суу жана Жети-Өгүз райондарда мөмө жана жапайы мөмө өсүмдүктөрүнүн сорттук ар түрдүүлүгүнүн деңгээлин аныктоо. Негизги жемиш өсүмдүктөрүнүн жергиликтүү көп түрдүүлүгүнүн жоголушуна себеп болгон факторлорду аныктоо.

5. Ысык-Көл облусундагы Ак-Суу жана Жети-Өгүз райондарда таралган *Enterobacteriaceae* тукумундагы бактериялардын түрлөрүнүн көп түрдүүлүгүн изилдөө, аларды молекулярдык-генетикалык жана классикалык ыкмалар менен аныктоо.

6. Кыргызстандын Ысык-Көл облусунун чарба жүргүзүүчү субъекттери үчүн табигый жана жасалма экосистемалардын биологиялык ар түрдүүлүгүн туруктуу пайдалануу боюнча практикалык сунуштарды иштеп чыгуу.

**Алынган натыйжалардын илимий жаңылыгы**. Ысык-Көл облусунун бийик тоолуу экосистемаларында кемирүүчүлөрдүн жана алардын эктомителеринин популяциясынын өзгөрүү динамикасына узак мөөнөттүү (56 жылдан жогору) антропогендик таасирин талдоо боюнча алынган натыйжалар

уникалдуу болуп саналат. Майда чычкан сымал кемирүүчүлөрдүн түрдүк курамы, боз суурлардын популяциясынын жыныстык курамы жана репродуктивдүү абалы, 56 жылдык байкоонун жыйынтыгы боюнча, антропогендик активдүүлүктүн чөп жеген жашоочуларынын санына жана түрдүк курамына тийгизген таасири талданган. Кыргызстанда биринчи жолу Ысык-Көл аймагындагы суурлар менен чычкан сымал кемирүүчүлөрдүн Y. *pestis* штаммдарынын филогенетикалык тиешелүүлүгү аныкталган. Биринчи жолу Ысык-Көл облусунун Ак-Суу районундагы эпидемиологиялык кырдаалга мейкиндик-убакыттык талдоо жүргүзүлдү, санариптик карталар түзүлдү, коркунучтун, тобокелдиктин жана аялуу көрсөткүчтөрүнүн эсептөөлөрү жүргүзүлдү. Ысык-Көл аймагында мөмө-жемиш өсүмдүктөрүнүн жана алардын жапайы тектештердин уникалдуу сорттук ар түрдүүлүгү коммерциялык сорттор менен алмаштыруу жана жугуштуу илдеттердин жайылышынан улам кыскарып жаткандыгы аныкталды.

**03.01.06 – биотехнология адистиги боюнча:**

1. Кара тумоонун козгогучунун Y. *pestis* штаммдары Сары-Жаз табигый очогунун аймагында айлануучу филогенетикалык жактан эң байыркы жана эң күчтүү биовар *Antiqua* таандык.

2. Мөмө-жемиш өсүмдүктөрүнө “Бактериялык күйүк” илдетинин козгогучу *Erwinia amylovora* гана эмес, мөмө-жемиш өсүмдүктөрүнүн илдеттеринин козгогучтары болуп саналган *Pantoea, Leclercia* (тукум *Enterobacteriaceae*) тукумунун жакын тектеш өкүлдөрү да зыян келтирет. Алар жемиш жана жашылча өсүмдүктөрүнүн патогендери болуп саналат.

3. Мөмө-жемиш өсүмдүктөрүнүн филлосферасында *Pantoea, Leclercia* (*Enterobacteriaceae* тукуму) тукумунун эпифиттик формалары да бөлүп табылган, алар тектеш түрлөрүнүн – патогендердин антагонисттери боло алат.

**03.02.08 – экология адистиги боюнча:**

1. Кара тумоо оорусунун бийик тоолуу табигый Сары-Жаз жана Жогорку Нарын очокторунда чычкан сымал кемирүүчүлөрдүн 2 түрүнүн (*Apodemus uralensis, Alticola argentatus*) башка көп зоналуу түргө (*Microtus gregalis*) алмаштырылышы, эктомителердин кеңири таралышына алып келген. Адамдын басымына карабастан тар спецификалык суур бүргөлөрүнүн (*Oropsylla silantiewi*) азайышынын фонунда кең кожоюн диапазону бар эктомителердин (*Amphipsylla primary, Neopsylla mana*) агрессивдүү болгонуна карабастан, анын табигый чөйрөсүндө кара тумоо козгогучунун сакталышы жана айлануусу үчүн шарттар сакталган.

2. Кара тумоо козгогучунун обочолонгон штаммдары, алардын алып жүрүүчүлөрүнүн табияты, Сары-Жаз очогунун аймагындагы локализациялык маалыматтар жөнүндө көп жылдык архивдик маалыматтар электрондук маалымат базасы жана карталары түрүндө санариптештирилди. Алар

Кыргызстанда биринчи жолу 2050-жылга чейинки мезгилде Ысык-Көл облусунун калкынын эпидемиологиялык алсыздыгын математикалык болжолдоо үчүн колдонулду.

3. Ысык-Көл облусунун Ак-Суу районунда калктын санынын өсүү тенденциясы сакталып, жылкынын, бодо жана майда ийрүү малдын санынын көбөйүшү, жайыттардын деградацияланышы жана туризмдин өнүгүшү менен, калктын эпидемиологиялык алсыздыгы Сары-Жаз аймагынын көпчүлүк бөлүгүнө таралышы мүмкүн.

**Алынган натыйжалардын практикалык мааниси**.

1. Түзүлгөн маалыматтар базасы жана Сары-Жаз кара тумоонун очогу калкынын потенциалдуу эпидемиологиялык коркунучунун, эпидемиологиялык кооптуулугунун жана аялуулугунун электрондук карталары кыска жана узак мөөнөттүү болжолдоолорду түзүү үчүн, эпидемияга каршы жыл сайын эпизоотологиялык изилдөөлөрдү пландаштыруу жана дезинсекциялоо иштерин уюштуруу үчүн колдонулат.

2. Ысык-Көл облусундагы мөмөлүү дарактардын (алма жана алмурут бактарынын) зыян келтирген ар түрдүү бактериялары жөнүндө жаңы маалыматтар, алардын кабыл алуучу өсүмдүккө вируленттүүлүгүнүн механизмдерин изилдөө үчүн негиз боло алат.

3. Фермерлерди сурамжылоонун негизинде түзүлгөн, мөмө-жемиш өсүмдүктөрүнүн сортторунун көп түрдүүлүгү боюнча маалымат базасы Ысык-Көл облусунун кыртыш-климаттык шарттарына көнүп калган салттуу сортторду чет өлкөдөн алып келген сортторго алмаштырууну шарттаган факторлорду талдоо үчүн колдонулат. Жаны коммерциялык сорттору жугуштуу илдеттерге жана табигый стресс факторлоруна (үшүк, кургакчылык, күндүн жогорку инсоляциясы) белгилүү бир деңгээлде туруктуулугу төмөн сорттор болуп калат.

4. Эпи- жана эндофиттик бактериялар (P. *agglomerans*, L. *adecarboxylata*) жөнүндө илимий адабияттарда бар маалыматтар аларды өсүмдүктөрдүн патогендик агенттерге туруктуулугун жогорулатууга багытталган жаңы муундагы биологиялык препараттарды иштеп чыгуу үчүн потенциалдуу талапкерлер катары кароого мүмкүндүк берет.

**Алынган жыйынтыктардын экономикалык мааниси**. Математикалык анализдин жана ГИС-карталарынын негизинде түзүлгөн кара тумоонун Сары-Жаз очогунун калкынын потенциалдуу эпидемиологиялык коркунучун, кооптуулугун жана аялуулугун пайдалануу, эпизоотологиялык изилдөөлөрдү жыл сайын өткөрүүнү пландаштырууда, масштабдуу дезинсекциялык иш-чараларды уюштурууда ведомстволук органдардын финансылык чыгымдарын азайтууга мүмкүндүк берет. Эл аралык жана ички туризм, жайкы жайлоодо бодо жана майда малды, жылкыларды интенсивдүү пайдаланган энзоотиялык

аймактарда ушундай эпидемияга жана эпизоотологияга каршы иш-чаралардын стратегиясы адамдардын инфекцияны жугузуу коркунучун азайтууга мүмкүндүк берет. Эпифиттик бактериялардын жергиликтүү расалары негизинде иштелип чыккан органикалык препараттары арзан баага ээ болуп, импорттук химиялык пестициддерге жана антибиотиктерге жакшы атаандаш боло алат.

**Диссертациянын коргоого коюлган негизги жоболору:**

1. 60 жылдан бери (1950-2016-ж.) адамдын агрессивдүү таасирине карабастан, Ысык-Көл облусундагы боз суурларынын популяциясы көбөйүү үчүн жакшы репродуктивдүү потенциалды сактап калды. Бул антропогендик таасирдин алсыздануусу шартында ишке ашырылышы мүмкүн. Бирок, адамдын чарбалык иш-аракети кара тумоо оорусун алып жүрүүчүлөр – майда чычкан сымал кемирүүчүлөрдүн популяцияларынын түрдүк курамынын өзгөрүшүнө, 2 түрүнүн жок болушуна жана *Microtus gregalis* полизоналык түрүнүн таралышына алып келген.

2. Суурлардын жана чычкандардын популяцияларындагы түрдүк өзгөрүүлөр суурлардын тар спецификалык бүргөлөрүнүн азайышынын фонунда ээсинин кеңири диапазону менен спецификалык эмес бүргөлөрдүн жайылышына алып келди, бул жерде анын табигый чөйрөсү кара тумоо козгогучунун сакталышы үчүн жакшы шарттарды түзөт. Бүргөлөрдөн айырмаланып, кене жана бит 1970-80-жылдардагы жапырт дезинсекция кийин өз санын тез калыбына келтиришти.

3. 1950-2016-жылдары Сары-Жаз жана Жогорку Нарын очокторунда жүргүзүлгөн ири масштабдуу дезинсекция жана суурлардын популяциясын суюлтууга багытталган иш-чаралар эпидемиологиялык интенсивдүүлүктү бир топ төмөндөттү, бирок очоктордун активдүүлүгү сакталып калды. Ысык-Көл аймагында ар кандай объекттерден бөлүнүп алынган *Y. pestis* штаммдары *Yersinia* тукумунун ичинен эң байыркы, эң коркунучтуу уникалдуу биовар *Antiqua* (0.ANT3) таандык.

4. Адамдын активдүү чарбалык ишмердүүлүгү (мал чарбачылыгы, туризм) жана анын табигый чөйрөсүндө кара тумоонун козгогучунун циркуляциясын сактоо Сары-Жаз очогунун түндүк-батыш бөлүгүндөгү 12 сектордо калктын кара тумоо оорусунан жогорку жана орточо алсыздыгын аныктайт. 2050-жылга карата калктын санынын өсүшүнүн учурдагы тенденциялары, ири жана майда мүйүздүү малдын, жылкынын санынын көбөйүшү, жайкы жайыттардын деградациясы, туризмди өнүктүрүү жана анын өнүгүшүн улантуу шартында эпидемиологиялык коркунуч бүткүл борбордук бөлүгүнө жайылышы мүмкүн.

5. Ысык-Көл облусунун Ак-Суу жана Жети-Өгүз райондорунун орто тоо зоналары мөмө-жемиш жана жапайы мөмө өсүмдүктөрүнүн эң бай агроартүрдүүлүгүнө ээ. Бирок, ааламдашуу жана рынок экономикасына

өтүүсүнө байланыштуу сорттордун жана алардын жапайы тектештердин уникалдуу генетикалык ресурсу жок болуп кетүү коркунучунда турат: жергиликтүү алманын 20дан ашык сорту, алмуруттун 2 сорту, өрүктүн 4 сорту жоголуу стадиясында жана башка өлкөлөрдөн алынып келинген монотондуу коммерциялык сорттору менен алмаштырылууда.

6. Алма бактарынын жергиликтүү сортторун витаминдер жана минералдык заттар көп болгон гендердин донору катары селекциялык иште колдонсо болот. Жапайы мөмө өсүмдүктөрү узак мөөнөткө сакталгандан кийин мөмөлөрдөгү витаминдердин жана минералдардын курамы боюнча өстүрүлгөндөрдөн кыйла ашып кетет.

7. Ысык-Көл чөлкөмүндөгү мөмөлүү дарактардын (алма жана алмурут) илдеттеринин кеңири таралышын бир козгогуч E. *amylovora* эмес, *Enterobacteriaceae* тукумундагы бир нече жакын түрлөр (P. *brenneri*, E. *aphidicola*) шарттайт. Жабыркаган дарактардын филлосферасында обочолонгон тектеш түрлөр (P. *agglomerans*, L. *adecarboxylata*) эпифиттер болуп саналат жана илдеттерди козгогучтарга каршы күрөшүүдө же кыртыштын асылдуулугун жогорулатууда биологиялык агент катары колдонулушу мүмкүн.

**Изденүүчүнүн жеке салымы**. Диссертациялык иштин негизги бөлүгүн автор өз алдынча аткарган, жеке салымы 80% кем эмес. Автор түздөн-түз катышуусу менен 2010-2018-жылдары Сары-Жаз жана Жогорку Нарын очокторунда Республикалык карантиндик жана өзгөчө коркунучтуу инфекциялар борборунун (РЦПиКООКИ) Каракол кара тумоого каршы бөлүмү (КПЧО) тарабынан 9 эпидемияга каршы экспедициялар уюштурулуп өткөрүлдү, Сары-Жаз очогунда эпидемиологиялык жана эпизоотологиялык кубулуштар жөнүндө маалыматтар базасы түзүлдү, чогултулган маалыматтардын мейкиндик жана убакыттык талдоосу жүргүзүлдү, потенциалдуу аялуу, эпидемиологиялык тобокелдик жана коркунучту эсептөөлөр жүргүзүлдү. Ак-Суу жана Жети-Өгүз райондорунун дыйкандарын сурамжылоо, мөмө-жемиш өсүмдүктөрүнүн жемиштериндеги витаминдердин курамын талдоо, жабыркаган жана симптомсуз алма жана алмурут бактарынан үлгүлөрдү алуу, ДНК экстракциясы, амплификациясы жана ампликондордун секвенирлөө, алынган ДНК ирэттүүлүгүнүн MEGA6, BLAST программаларын колдонуу менен анализдөө улуттук жана эл аралык долбоорлорду жана жеке илимий стипендияларды: DAAD Фондунун (2023-ж. Дармштадт техникалык университети, 2010-ж. Байрот университети), Эразмус Аркаде (2013-ж. Берлиндин Эркин Университети), CAARF (Борбордук Азия Университети, 2014-2016) ишке ашырууда автор тарабынан аткарылган.

**Изилдөө жыйынтыктарынын апробацияланышы.** Иштин негизги жоболору төмөнкүлөрдө сунушталды жана талкууланды: Эл аралык “Биология илимдеринин туруктуу өнүгүүсүнүн заманбап тенденциялары” форумда (Аль-

Фараби атындагы Казак Улуттук Университети, 2024), Эл аралык илимий-практикалык "Айыл чарба продукциясынын региондук экспортун өнүктүрүүнүн артыкчылыктуу багыттары" конференцияда (Красноярск, 2023), III Эл аралык «Табигый илимдер: долбоорлор, изилдөөлөр жана перспективалар» илимий-практикалык конференцияда (Украина, 2023), Эл аралык «Глобалдык саламаттык» конгрессинде (Алматы, 2022); V Эл аралык дисциплиналар аралык академиялык конференцияда (Юрмала, 2022); «EduTech KG 2022» Заманбап билим берүү технологиялары боюнча улуттук семинарда (Бишкек, 2022); Эл аралык «Жашыл экономиканын аймактык аспектилери: реалдуулук жана келечек» конференцияда (Каракол, 2022); Эл аралык "COVID-19 пандемиясы: ден соолукка, айлана-чөйрөгө жана коомго тийгизген таасири" вебинарда (Индия, 2020); V Эл аралык илимий-методикалык конференцияда "Айыл чарба өсүмдүктөрүн интродукциялоодо жана селекциялоодо физиология жана биохимиянын ролу" (Москва, 2019); Эл аралык «Зоология, микробиология жана медициналык паразитология» конференцияда (Чикаго, 2017); 22-Эл аралык илимий конференцияда «Зооноздук оорулардын учурдагы абалы» (Улан-Батор, 2017); Иерсиния боюнча 12-эл аралык симпозиумда (Тбилиси, 2016); К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун Илимий-техникалык кеңешинин жыйналыштарында.

**Диссертациянын жыйынтыктарын басылмаларда чагылдыруунун толуктугу.** Диссертациянын материалдарынын негизинде 1 жамааттык монография, 18 макала жана 6 тезис, анын ичинде Web of Science маалымат базасында - 3 макала, Scopus системасында - 4 макала, импакт-фактор 0,1ден кем эмес РИНЦ системасында - 4 макала, КР УАК тарабынан сунушталган журналдарда 1 макала, Казакстан Республикасынын ЖАК тарабынан сунушталган журналдарга 1 макала, кыргыз тилинде 1 окуу-методикалык курал жарык көргөн жана маалымат базасын каттоого Кыргызпатенттин 2 күбөлүгү алынган. Scopus системада автордун H-индекс 5 болду (Author ID: 57194794074).

**Диссертациянын түзүлүшү жана көлөмү.** Иш компьютердик текстте 264 бетте баяндалып, киришүүдөн, адабияттык сыпаттаманы камтыган бир баптан, изилдөөнүн жыйынтыктарынан жана талкуулодон 3-баптан, тыянактан, практикалык сунуштардан, адабияттардын тизмесинен (255), анын ичинен 178 орус тилинде жана 77 чет тилде, ошондой эле тогуз тиркемелерден турат. Диссертация 25 таблица жана 41 сүрөт менен иллюстрацияланган.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** илимий иштин актуалдуулугун ачып, изилдөөнүн максаты жана милдеттери, алынган натыйжалардын илимий жаңылыгы, изилдөөнүн натыйжаларынын практикалык жана экономикалык мааниси аныкталат,

коргоого сунушталган диссертациялык иштин негизги жоболору, изденүүчүнүн жеке салымы, апробация жана диссертациянын жыйынтыктарын басылмаларда чагылдыруунун толуктугу, ошондой эле диссертациянын түзүлүшү жана көлөмү көрсөтүлөт.

**1-бапта. Ысык-Көл облусунун жаныбарларын жана өсүмдүктөрүн биологиялык ар түрдүүлүгүнүн мүнөздөмөсү жана антропогендик таасирдин негизги факторлору (адабияттарга сереп).**

**1.1 Ысык-Көл облусунун жаныбарларын биологиялык ар түрдүүлүгүнүн мүнөздөмөсү жана антропогендик таасирдин негизги факторлору.** Бул бөлүмдө табигый очоктук аймактардын СЖ жана ЖН климаттык-географиялык мүнөздөмөсү, жаныбарлардын жана өсүмдүктөрдүн ар түрдүүлүгүнүн байлыгы, кара тумоо козгогучунун негизги жана кичине алып жүрүүчүлөрү болгон жаныбарлардын жана алардын эктомителеринин мүнөздөмөлөрү берилген.

**1.2 Ысык-Көл облусунун агроартүрдүүлүгүнүн мүнөздөмөсү.** Бул бөлүмдө ЫК аймагында мөмө өстүрүүнүн негизги борборлору катары Ак-Суу жана Жети-Өгүз райондорундагы мөмө-жемиш өсүмдүктөрүнүн агроартүрдүүлүгүнүн абалы жана фитопатогендик мүнөздөмөсү кеңири талданат.

**2-бап Изилдөөнүн методологиясы жана методдору** илимий ишти изилдөө объектилерин сыпаттоо жана аткаруу орду жүргүзүлдү.

**Изилдөөнүн объекттери** болуп суурлар, чычкан сымал майда кемирүүчүлөр жана алардын эктомителери – бүргөлөр, кенелер, биттер; ар кайсы жылдарда очоктуу аймактарда обочолонгон *Yersinia pestis* штаммдары; мөмө өсүмдүктөрү - алма, өрүк, алмурут жана жапайы мөмө өсүмдүктөрү – ит мурун, калина, бөрү карагат; алма жана алмурут дарактарынын филлосферасынан бөлүнүп алынган *Enterobacteriaceae* тукумундагы бактериялардын штаммдары. Изилдөөнүн айрым этаптарын жүргүзүүдө Техас университетинин медициналык филиалынан алынган Y. *pestis* CO92, Pestoides F, KIM10+ жана Nepal 516 эталондук штаммдары колдонулган, Техас штаты, АКШ.

**Изилдөөнүн предмети**. Узак мөөнөттүү антропогендик таасирдин натыйжасында ЫК аймагынын табигый жана жасалма экосистемаларынын агро- жана биологиялык ар түрдүүлүгүнүн өзгөрүшү.

**Изилдөө методдору**. Диссертациялык ишти аткарууда төмөнкү методдор колдонулган: талаа байкоолору, бактериологиялык, биохимиялык, молекулярдык-генетикалык, ГИС-картасын түзүү, эпидемиологиялык коркунучтун, тобокелдиктин, аялуулуктун индекстерин эсептөө, математикалык жана статистикалык маалыматтарды иштеп чыгуу.

**Талаадагы байкоолор**. Суурлардын саны жана түрдүк курамы изилденүүчү аймактардын чегинде визуалдык түрдө бааланып, ар бир аймакта (10 чарчы км) мамлекеттик органдар уруксат берген санда кармоо пландаштырылган. Жаныбарды кармагандан кийин жынысы, салмагы жана башка көрсөткүчтөрү аныкталды. Майда чычкандар колго жасалган капкандар менен кармалган жана эсептелген. Суурлардын эктомителери кармалган жаныбарларды тароо менен («дене» эктомителери) жана кемирүүчүлөрдүн чуңкурларынан жана ийиндеринен «ээсинен тышкары» болуп чогултулган. Андан кийин эктомителер энтомологиялык аныктагыч жардамы менен аныкталган [И. Г. Иофф, 1949]. Эктомителердин молчулук индекси (МИ) ээсинин инвазиясынын көрсөткүчү болуп саналат. Бул индекси табылган мителердин санынын изилденген жаныбарлардын санына катышы катары аныкталган.

**Бактериологиялык анализ.** Тандалган суурлардын ички органдарынын ткандарын (боор, өпкө, көк боор, лимфа бездери жана жүрөктүн каны) өстүрүү Хотингер агарында, pH 7,2 боюнча өзүнчө жүргүзүлдү. Бактериологиялык себүү эктомителердин суспензиясы менен да жүргүзүлдү. Инокуляциондук тайпа бир эле түрдөгү 20 эктомитеден турган. Бул эктомителер бир жерден бир нече күн бою чогултулуп, эмдөө башталганга чейин эфири жок айнек түтүктөрдө сакталган. Эгерде жаныбарда кандайдыр бир патологиялык көрүнүштөрү бар болсо, анын эктомителери өзүнчө өстүрүлгөн. Петри чашкалары 36°С температурада 6 күн инкубацияланышты. Бөлүнүп алынган бактерияларды идентификациялоо үчүн стандарттык микробиологиялык микроскопиялоо жүргүзүлдү. Y. *pseudotuberkulosis* жана Y. *pestis* үчүн бактериофагдардын (L-413-S) реакциясы Покровский сынамасын спецификалык усулу да колдонулган [Б. М. Сулейменов, 2015]. Бактериофагдардын экөө тең М. Айкимбаев атындагы Казак Өзгөчө коркунучтуу инфекциялар боюнча Улуттук Илимий Борборунда (ННЦООИ) өндүрүлгөн.

**Генетикалык анализ** үчүн материалдын эки түрү колдонулган: бүтүн геномдук ДНК үлгүлөрү жана РЦПиКООКИ коллекциясынан Y. *pestis* 14 эталондук штаммдарынан алынган MLVA фрагменттери. Штаммдар акыркы бир нече жылда СЖ жана ЖН кара тумоо очокторунун аймактарында обочолонгон. Диагностикалык Полимераздык тизмектик реакциясы (ПТР) “Pest-Quest” тест системасын колдонуу менен жүргүзүлдү (ТОО “Мастер-Ген”, Алматы, Казакстан). Melt-MAMA анализи үчүн, ННЦООИде иштелип чыккан жана өндүрүлгөн ПТР праймерлеринин үч топтому колдонулган [G. Morelli жана авт., 2010]. Филогенетикалык талдоо PAUP 4.0 программасы жана UPGMA алгоритми [Д. N. Birdsell жана авт., 2012] менен жүргүзүлдү.

**Архивдик маалыматтарды санариптик иштетүү**. 1947-жылдан 2023-жылга чейин СЖ эпидемиясынын очогунун аймагын эпидемиологиялык изилдөө боюнча КПЧОнун жеткиликтүү архивдик маалыматтары Excel форматындагы «Кыргызстандын Сары-Жаз табигый очогунда кара тумоо оорусунун эпидемиологиясы жана эпизоотологиясы» электрондук маалымат базасына чогултулду (2017-жылдын 19-апрелиндеги №33 Кыргызпатент мамлекеттик каттоо күбөлүгү).

**Санариптик карта моделдерин түзүү.** СЖ жана ЖН кара тумоо очокторунун карталары түзүү үчүн 1:100 000 масштабдагы топографиялык карталардан санариптештирилген географиялык объекттер, ошондой эле GIS MapInfo Professional 7.8 жана GDEM2 санариптик бийиктик модели колдонулган. Карталар UTM - Mercather проекциясында түзүлгөн (WGS 84). Очоктордун чек аралары секторлордун чек аралары боюнча сызылган [А. Г. Шабунин жана авт., 2017]. Негизги маалыматтары төмөнкү булактардан алынды: СЖ кара тумоо очогун толугу менен камтыган секторлордун жыйындысы; КПЧОнун жылдык отчетторунун архивинен чогултулган Y. *pestis* изоляциянын географиялык координаттары; КР 2009-жылдагы калкты жана турак жай фондун каттоосунан жана жергиликтүү бийлик тарабынан алынган туруктуу жашоочулардын саны жөнүндө маалыматтар; радиорелейлик магистралдардын, телевидениенин жана радио уктуруунун Республикалык өндүрүштүк бирикмесинин (РПО РМТР) маалыматтары; 1:100 000 масштабдагы топографиялык карталар; SRTM-2 санарип бийиктик моделинин маалыматтары, “Фергана” маалымат агенттигинин жайыт карталары жана Ак-Суу райондук айыл чарба өнүктүрүү башкармалыгынан такталган маалыматтары; туристтик аймактардын жайгашуусу боюнча маалыматтар [“Open Kyrgyzstan” сайтынан].

**Эпидемиологиялык алсыздыктын, коркунучтун жана тобокелдиктин көрсөткүчтөрүн эсептөө** [А. Г. Шабунин жана авт., 2017] усулу менен жүргүзүлдү. Ар бир индекс үчүн өзгөртүү диапазону 0% (минималдуу) дан 100% (максималдуу) чейин болду.

**ЫК облусунун агробиологиялык ар түрдүүлүгүн баалоо.**

**Жергиликтүү фермерлерди сурамжылоо** фокус-топтук талкуу ыкмасын колдонуу менен атайын иштелип чыккан ылайыкташтырылган анкеталардын жардамы менен жүргүзүлгөн [I. Lapeca жана авт., 2012]. Ысык-Көл облусунун Жети-Өгүз жана Ак-Суу райондорунда 10 аялдар тобу (бардыгы 109 аял); 80 эркек; фокус-группалардын лидерлери – 7 сурамжыланган. Бардыгы болуп 217 адам суралган.

**Кабыл алынган маалыматтарды санариптик иштетүү**. Сурамжылоонун жыйынтыгында алынган маалыматтар Excel форматында «Кыргызстандын Ысык-Көл аймагында мөмөлүү дарактардын, мөмө өсүмдүктөрүнүн жана алардын

жапайы тектештеринин биоартүрдүүлүгү» электрондук маалымат базасына чогултулду (22.02.2018-ж. №40 Кыргызпатент мамлекеттик каттоо күбөлүгү).

**Мөмө-жемиштердин биохимиялык курамы** (А, Е, С, В тобундагы витаминдердин; $\beta$-каротин, Fe) 4 ай сакталгандан кийин «Экспертест» ЖЧКсынын Тест-лабораториясында, Алматы, Казакстанда жүргүзүлдү. Витамин А - ГОСТ Р 54635-2011, вит. Е - ГОСТ ЕН 12822-14, каротин - MVI.MH 3239-2009, Вит. $B_1$ - ГОСТ ЕН 14122-2013, $B_2$ - ГОСТ ЕН 14152-2013, $B_3$ - ГОСТ П 50479-93, $B_6$ - Р 50479-93, $B_{12}$-107. Р. 1, п. 2, вит. С - ГОСТ Р ЕН 14130-2010, Fe - ГОСТ 26928-86.

**Бактериологиялык анализи**. Бактериялардын патогендер жана эпифиттер штаммдары стандарт РМ7/20 (2)* *Erwinia amylovora* [OEPP/EPPO бюллетени, б. 23] боюнча аныкталган. Штаммдар Кинг Б жана Леван агарында 28°С температурада өстүрүлгөн.

**Бактериянын түрлөрүн аныктоо**. 16S рРНК генине багытталган ПТР fD1/rP2 праймерлер менен аткарылган; *Enterobacter* уруусундагы rpoB, atpD жана infB бактерияларынын чарбалык гендерине багытталган ПТР үч жуп праймерлер (rpoB CM7-F/rpoB CM31b-R, atpD 01-F/02-R, infB 01-F/02-R) менен жүргүзүлгөн [C. Brady жана авт., 2008]. Алынган ампликондордун өлчөмү 120В 30-45 мүнөт электрофорезден кийин 5мкл/100мл Roti Gelstain камтыган 1xTAE буфериндеги 1% агароза гелине 5 мкл жүктөө менен текшерилди.

ПТР өнүмдөрү Qiaquick комплектинин (Qiaquick, Hilden, Германия) жардамы менен тазаланган жана ABI Prism BigDye Terminator v1.1 цикл секвенирлөө комплекти (Microsynth Seqlab GmbH, Гёттинген, Германия) аркылуу амплификация үчүн колдонулган ошол эле праймерлер менен катарланган.

**Изилденген штаммдардын филогенетикалык дарагы** rpoB 489 базалык жуп (бп), atpD 540 бп, infB 612 бп узундуктагы ампликондордун фрагменттеринин негизинде түзүлгөн. Тегиздөө боштуктары бар фрагменттер талдоодон чыгарылды. Эволюциялык аралыктарды эсептөө жана максималдуу курама ыктымалдык модели менен минималдуу эволюция ыкмасына негизделген даракты түзүү үчүн биз Молекулярдык Эволюциялык Генетика Анализинин (MEGA) программасын, 6.0 версиясын [К. Тамура, М. Ней, 1993] колдондук. Дарактын түйүн туруктуулугу 1000 жүктөөчү репликацияны колдонуу менен бааланган.

**3-4-баптарда өздүк изилдөөнүн жыйынтыктары жана аларды талкуулоо сунушталат.**

**3.1 Ысык-Көл облусунда кара тумоо микробунун негизги жана майда алып жүрүүчүлөрүнүн санына жана мейкиндикте таралышына антропогендик таасир**

**3.1.1 Боз суур жана майда чычкан сымал кемирүүчүлөрдүн саны жана таралышы**. Популяциянын саны эки процесстин – көбөйүү жана жок болуу процессинин өз ара аракетинин натыйжасы болуп саналат. Боз суурдун табигый бийик тоолуу популяцияларына адамдын чарбалык жана эпидемияга каршы иш-

аракеттеринин таасиринин эң көрүнүктүү белгиси акыркыларынын саны болуп саналат. Көп жылдык талдоо көрсөткөндөй, ЖН очогунун аймактарында (Үзөңгү-Кууш, Ыштык-Акшыйрак, Тарагай) 1 чарчы км суурдун орточо саны 1950-жылдары СЖга караганда 2 эсе жогору болгон (3.1-сүрөт). Андан кийин, кара тумоого каршы кызматтын аракеттери (химиялык родентициддерди - цианплав, хлоропикрин, метил бромид) колдонуу жана жергиликтүү калктын уруксат берилген интенсивдүү аңчылыктары суурлардын жок кылынышына алып келген (1989-2005). Аңчылыкка тыюу салынгандан кийин, суурлардын саны 1951-жылдагы деңгээлге жете элек болсо да, акырындык менен калыбына келе баштады.




3.1-сүрөт – 1951-жылдан 2017-жылга чейинки Сары-Жаз жана Жогорку Нарын очокторунун аймагындагы суурлардын санынын динамикасы.

Популяциянын өз санын калыбына келтирүү жөндөмдүүлүгү тышкы факторлор менен да, жаш жана жыныстык курамы менен да байланыштуу. СЖда 2017-ж. жаш эркектердин үлүшү 1977-ж. караганда азыраак болгон, ошондой эле ургаачылардын үлүшү да төмөн болгон (3.2-сүрөт).




3.2-сүрөт – 1977-2017-жылдары Жогорку Нарын жана Сары-Жаз кара тумоонун табигый очокторунда суурлардын популяциясынын курамындагы өзгөрүүлөр
Эскертүү: А - ♂ чоңдор; Б - ♂ жетилген эмес; В - ♀ кысыр; Г - ♀ тууган; Д - ♀ жетиле элек.

Тескерисинче, 2017-ж. СЖда жетиле элек жаш ургаачылардын үлүшү 1977-ж. караганда кыйла жогору, бул 2011-ж. бери байкалган популяциянын көбөйүшүнө алгылыктуу түрдө байланыштуу болушу мүмкүн (3.1-сүрөт). ЖН очогу боюнча 2017-ж. жаш жетиле элек эркектердин саны да 1977-ж. караганда азыраак жана 2011-ж. бери популяциянын акырындык менен көбөйүшү ургаачылардын үлүшүнүн көбөйүшү менен шартталган. Ошентип, эки аймактагы суурлардын популяциясынын курамы ушул мезгилде ийгиликтүү көбөйүү үчүн жакшы мүмкүнчүлүккө ээ.

**Суурлардын репродуктивдүү абалы**. СЖда 1977-ж. ургаачылардын жалпы санынан репродуктивдүү бойго жеткен ургаачылардын үлүшү дээрлик 71% түздү, ал эми 2014-ж. ал болгону 15%ды түздү, бирок андан кийин биз бул көрсөткүчтүн 2017-ж. мурунку деңгээлге туруктуу өсүшүн көрүп жатабыз (3.3-сүрөт). Жалпы сандагы туубаган бойго жеткен ургачылардын үлүшү, тескерисинче, 2014-2015-жылдары өтө жогору көрсөткүчтөрдү көрсөткөн. 1977-ж. салыштырмалуу, бирок так төмөндөө тенденциясы менен, 2017-ж. бул көрсөткүч 1977-ж. деңгээлине кайтып келет (3.3-сүрөт). Кош бойлуу ургаачылардын эмбриондорунун орточо саны изилдөөлөрдүн 40 жылында өзгөргөн жок жана 6,3тү түзөт. Жалпысынан 2014-ж. тартып СЖда салыштырмалуу кайра өндүрүүнүн темптерин жогорулатуу тенденциясы байкалды, ал 1977-ж. деңгээлине дээрлик жетет, бул популяциянын өсүшү менен тастыкталат (3.1-сүрөт).

ЖН очогу боюнча суурлардын көбөйүшү 2010-2017-ж. да канааттандырарлык өттү. Ургаачылардын 24төн 67%га чейин асылдандырууга катышкан. ЖН аймагындагы боз суурлардын популяциясынын жалпы репродуктивдүү статусу олуттуу төмөндөө мезгилинен кийин жогорулай баштады жана 2017 ж. карата дээрлик 1977-жылдагы деңгээлге жетти.




3.3-сүрөт – 1977-2017-жылдардагы Сары-Жаз табигый кара тумоо очогунда суурлардын көбөйүү интенсивдүүлүгү

**Чычкан сымал кемирүүчүлөрдүн жана башка жаныбарлардын санын эсептөө**. Майда чычкан сымал кемирүүчүлөр кичинекей өлчөмүнөн, жогорку көбөйүү ылдамдыгынан жана өзгөрүү жөндөмдүүлүгүнөн улам ар кандай шарттарга эң сонун ыңгайлашып, алардын туруктуу таралышын камсыздайт. Ички Тянь-Шандын бийик тоолуу экосистемаларында чычкан сымал кемирүүчүлөр боз суурдун туруктуу шериги болуп саналат, ошондуктан кара тумоо микробунун циркуляциясына катышат.

Узак мөөнөттүү байкоолордун натыйжалары 2000-жылдары тар баштуу чычкан (*Microtus gregalis*) эң кеңири таралган түргө айланганын көрсөттү, алардын саны, СЖ изилдөө аймагынын боюнча 1950-ж. 16% гана болгон. 2010-12-жылдары алардын үлүшү 96,0% түздү (3.2-таблица). Тар баштуу чычкан да ЖН очоктун бүткүл аймагында кеңири таралган. Жалпысынан алганда, бул түр эки изилдөө аймактарында басымдуу болуп калды. Ошол эле учурда бул аймактарда 1990-жылдардан баштап күмүштөй чычкан (*Alticola argentatus*) жана токой чычкан (*Apodemus uralensis*) кездешпей калган. Кээде чычкан сымал башка майда кемирүүчүлөр эпидемия чыккан жерлерде кездешет: боз хомяк (*Cricetulus migratorius*), пищуха (*Ochotona roylei*). Эки тоо очокторунун аймагынан тең табылган майда чычкан сымал кемирүүчүлөрдүн популяциясында M. *gregalis* басымдуулук кылышы бул түрдүн полизоналдуулугун, б.а. ар кандай биотоптордо жашоо жөндөмдүүлүгү, бул түргө абиотикалык жашоо шарттарына өзгөчө мүнөздүү A. *argentatus* жана A. *uralensis* түрлөрүнө караганда артыкчылык берет.

3.2-таблица – 1975-77-жылдарга салыштырмалуу 2014-2017-жылдары кара тумоонун табигый очокторунун ачык СЖ жана ЖН стацияларында кармалган майда сүт эмүүчүлөрдүн саны.

| Жылы | Капкан-күндөр | *Microtus gregalis* | *Apodemus uralensis* | *Alticola argentatus* | *Cricetulus migratorius* | *Lepus tolay* | *Sicista tianschanica* | *Martes stone* | Баардыгы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Сары-Жаз** | | | | | | | | | |
| 1977 | 640 | 19 | 8 | - | 8 | 1 | 1 | - | 37 |
| (2014-2017) | 310* | 93* | 2* | 0,25 | 3* | - | - | 1,25 | 99,8* |
| **Жогорку Нарын** | | | | | | | | | |
| 1975 | | - | 4 | 176 | 7 | 11 | 5 | 6 | 209 |
| (2010-2017) | 310 | 118* | - | 0,5* | 2,3 | 1,7* | - | 0,8* | 99,8* |

Эскертүү: *- р<0,05 1975-77-жылга салыштырмалуу

Майда чычкан сымал кемирүүчүлөрдүн түрдүк курамындагы биз ачкан өзгөрүүлөр (бир түрдүн үлүшүнүн көбөйүшү - M. *gregalis*, башка түрлөрүнүн - A. *uralensis* жана A. *argentatus* жоголуп кетиши жана C. *migratorius, Sicista tianschanica, Lepus tolay* санынын азайышы) биологиялык ар түрдүүлүктүн өзгөрүшүн көрсөтүп турат.

**3.1.2 Боз суурдун эктомителеринин саны жана таралышы.** Жылуу кандуу жаныбарлардын популяцияларында козгогучтардын алып жүрүүчүсү көбүнчө алардын эктомителери болуп саналат, алардын саны көптөгөн абиотикалык жана биотикалык факторлорго жараша өзгөрөт. 3.6-3.7 - сүрөттөрдө СЖ автономдуу кара тумоо фокусундагы суурларда табылган эң кеңири таралган эктомителердин – бүргөлөр менен кенелердин узак мөөнөттүү молчулук индексинин (МИ) динамикасы берилген.

1960-жылдары бүргөлөрдүн МИ рекорддук деңгээлге жеткен, андан кийин кара тумоо оорусуна каршы мекемелер тарабынан жүргүзүлгөн системалуу дезинсекциялык иш-чаралар - суурлардын ийиндерин дуст менен дарылоо - бул көрсөткүчтү 1990-жылы нөлгө чейин бир топ төмөндөтүүгө мүмкүндүк берген. Бирок акыркы он жылдыктарда бүргөлөрдүн көптүгү байкалган - мурдагыдай деңгээлде болбосо дагы, кайра көбөйдү (3.6-сүрөт).

Суурлардын жүнүндөгү кенелердин көптүгүнүн динамикасы окшош (3.7-сүрөт).

Ошол эле учурда, биттердин көптүгүнүн узак мөөнөттүү динамикасы так карама-каршы мүнөзгө ээ - 1980-жылдардагы дуст менен жапырт дарылоого чейин МИ төмөн маанилери акырындык менен өсүп, 2000-жылдардын башынан тартып бул көрсөткүчтүн төмөндөшү үчүн гана тенденция байкалат.




3.6-сүрөт – Сары-Жаз очогунан кармалган суурлардын жүнүндөгү бүргөлөрдүн көптүгүнүн узак мөөнөттүү динамикасы (1960 – 2016 жылдары)




3.7-сүрөт – Сары-Жаз очогунан кармалган суурлардын жүнүндөгү кенелердин көптүгүнүн узак мөөнөттүү динамикасы (1960 – 2016 жылдары)

2014-2017-жылдары СЖда суурлардын жүнүндөгү бүргөлөрдүн МИ 0,86 болду; кене – 1,02; бит – 0,42. ЖНдагы суурлардын жүнүндөгү бүргөлөрдүн МИ 2014-2017-ж. 1.55 болду; кене – 2,01; бит – 0,57. Ошентип, 1980-жылдары жүргүзүлгөн очоктук аймактарды жапырт дустациялоо бүргөлөргө жана кенелерге

олуттуу таасир берген, ал эми биттерге азыраак деңгээлде айыктыруучу таасир эткен.

**Спецификалык жана спецификалык эмес бүргөлөр.** СЖ экосистемасындагы 40 жылдан ашуун байкоолордун натыйжасында суурдун жүнүнүн бүргөлөрүнүн түрдүк курамы да өзгөрдү: 1977-жылы суурлардын негизги өзгөчө бүргөлөрү *Oropsylla silantiewi* (63%) жана *Radinopsylla li ventricosa* (37%, 3.10, А-сүрөт) болгон. Узак мөөнөттүү байкоолордун жүрүшүндө R. *li ventricosa* бүргөсүнүн МИ 0,41ден (1977) 0,03кө (2014) чейин төмөндөгөн, бирок 2017-жылга карата ал толугу менен калыбына келгени аныкталган (3.10, А-сүрөт).




3.10-сүрөт – 1977-2017-жылдар аралыгында Сары-Жаз жана Жогорку Нарын очокторунда боз суурдун спецификалык (А) жана спецификалык эмес (Б) бүргөлөрүнүн санынын өзгөрүшү

СЖда экинчи өзгөчө түрдөгү O. *silantiewi* бүргөлөрүнүн саны 2014-жылга карата бир кыйла азайган, бирок 1977-жылга салыштырмалуу кыйла төмөн бойдон калууда, бирок азыркы учурда жай өсүүдө. ЖНда бул түрдүн саны ырааттуу түрдө жогору бойдон калууда. Белгилүү болгондой, боз суурдун спецификалык бүргөлөрүнүн ичинен O. *silantiewi* түрү ээсине карата эң катаал болуп саналат, ал эми R. *li ventricosa* биринчи түрдөн айырмаланып, кожоюн жаныбарлардын кеңири чөйрөсүндө мителик кыла алат [В. В. Сунцов, 2006]. Бул экологиялык өзгөчөлүк, кыязы, R. *li ventricosa* түрүнө негизги кожоюндун саны аз жана экинчилик кожоюндардын саны көп болгон учурда, популяциясын жакшыраак сактоого мүмкүндүк берет.

Суурлар жана чычкан сымал кемирүүчүлөр бүргөлөрдүн тар спецификалык жана спецификалык эмес түрлөрү менен мителенишет. Эки очокто тең спецификалык эмес бүргөлөрдүн да түрдүк курамы 40 жылдын ичинде өзгөрдү:

эгерде 1977-жылы бүргөлөр дээрлик жок болсо, анда 2014-2017-ж. башка түрлөрдүн арасында эң кеңири таралган A. *primary* жана N. *mana* (3.10, Б-сүрөт).

Сыягы, акыркы жылдары A. *primary* санынын көбөйүшү, изилденип жаткан аймакта чычкан сымал кемирүүчүлөрдүн популяцияларынын түрдүк курамынын жалпы өзгөрүшү менен байланыштуу. Адабияттарда A. *primary* СЖда тапкан суурлардын жүнүндө бул тукумдун башка түрлөрүнө салыштырмалуу (A. *sibirica,* A. *asiatica,* A. *anceps*) жаныбарлардын ээсинин кеңири чөйрөсүндө болушу мүмкүн экени айтылат, анын ичинде M. *gregalis,* M. *fortis* жана *Alticola* тукумунан бир нече түрү бар [G. Shenbrot жана авт., 2007].

**Ийин бүргөлөрү**. Бүргөлөр жаныбарларда гана эмес, алардын ийиндеринде да жашайт жана кыштайт, ошентип кара тумоо козгогучунун жашоого жөндөмдүүлүгүн сактоо үчүн жагымдуу шарттарды түзөт. СЖ жана ЖНдагы суурлардын ийиндеринде O. *silantievi* жана R.*li ventricosa* түрүнүн бүргөлөрү гана табылган. СЖ ийиндер бүргөлөрдүн жалпы МИ 1977-жылга салыштырмалуу калыбына келүү тенденциясына ээ, андан кийин дезинсекция иштери иш жүзүндө эктомителердин санын нөлгө чейин кыскартты, бирок акыркы жылдары бул көрсөткүч кайрадан акырындык менен өсүп, 2016-жылы 5,63 мааниге жеткен (3.11-сүрөт).

1977-жылы ЖН ийиндер бүргөнүн МИ 31,8 болсо, анын 31% O. *silantievi* жана 69% R.li *ventricosa*, 35 жылдан кийин 2010-жылы бүргө O. *silantiewi* жана кенелердин бир түрү табылган, саны бул дагы өсүү тенденциясын көрсөтөт. Ошентип, 56 жылдык (1960-2016-жж.) изилдөөнүн жүрүшүндө биз антропогендик активдүүлүктүн натыйжасында бийик тоолуу очоктордо кара тумоо микробунун негизги жана майда алып жүрүүчүлөрүнүн саны бир кыйла азайгандыгын гана эмес, ошондой эле экосистеманын туруктуулугун сактоо максатында алардын түрдүк курамынын дагы өзгөрүшүн байкадык.

Демек, Кыргызстандын Ысык-Көл облусунда чычкан сымал кемирүүчүлөрдүн бир түрүнүн башка түр тарабынан сүрүлүп чыгарылышы (A. *argentatus* / A. *uralensis* - M. *gregalis*) негизги алып жүрүүчү - боз суурдун саны кескин азайышынын фонунда, алардын эктомителеринин түрдүк ар түрдүүлүгүнүн жогорулашына алып келет. Алардын арасында тар спецификалык түрлөр эмес, ээлеринин кеңири диапазону менен (бүргөлөр A. *primaris,* N. *mana* жана кенелери *Ixodides*) басымдуулук кыла баштайт.

Бул экологиялык өзгөчөлүктөргө таянуу менен суурларда жана майда чычкан сымал кемирүүчүлөрдүн тиешелүү жана шарттуу спецификалык бүргөлөрүнүн жана кенелердин санынын белгиленген өсүшү жакынкы жылдарда дагы уланып, кара тумоо эпизоотиясынын күчөшүнө алып келет деп болжолдоого болот.




3.11-сүрөт – Сары-Жаз жана Жогорку Нарын аймактарында ийиндериндеги бүргөлөрдүн түрдүк курамынын жана кенелердин санынын өзгөрүшү

**3.1.3 СЖ табигый очогунан бөлүнгөн кара тумоо козгогучунун штаммдарын генотиптөө.** Бардыгы болуп 1944-1976-ж. СЖ очогунан кара тумоо микробунун 462 штамм анын табигый алып жүрүүчүлөрүнөн – боз суурлардан, майда кемирүүчүлөрдөн жана алардын эктомителеринен – ЖН фокусунан дээрлик 2 эсе көп бөлүнүп алынган (3.8-таблица). ДДТ менен суурлардын ийиндерин массалык дезинсекциялоо кара тумоо козгогучунун активдүүлүгүнө абдан күчтүү таасир эткен, обочолонгон культуралардын саны ЖНда 70 эсеге, СЖда – 90 эсеге азайган.

3.8-таблица – Жогорку Нарын жана Сары-Жаз табигый очокторунун аймактарын эпидемиологиялык изилдөөлөрдүн натыйжалары

| Аймак | Изилдөө жылдары | Кара тумоонун обочолонгон штаммдары | | | | | | Суурлардын ийиндериндеги бүргөлөрдүн молчулук индекси |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Баардыгы | суурлардан | башка кемирүүчүлөрдөн | Бүргөлөрдөн | Кенелерден | биттерден | |
| ЖН | 1943-1973<br>1974-2023 | 838<br>19 | 405<br>12 | 6<br>6 | 267<br>1 | 148<br>0 | 12<br>0 | 31.8<br>7,7 |
| СЖ | 1944-1976<br>1980-2023 | 462<br>24 | 225<br>14 | 2<br>2 | 207<br>6 | 28<br>2 | 0<br>0 | 23.5<br>4,5 |

Эскертүү: алымында - дезинсекциялоо ыкмасын колдонуу менен калыбына келтирүүгө чейинки көрсөткүчтөр, бөлүмүндө - калыбына келтирилгенден кийинки көрсөткүчтөр.

Алардын көбү суурлардан обочолонгон, бирок жарымынан көбү алардын эктомителеринен: бүргөлөр, кенелер жана айрым учурларда биттерден чыккан (3.8-таблица).

Дезинсекциядан кийин микробдорду алып жүрүүчүлөрдүн катышы өзгөргөн: ЖНда көбү суурлардан жана башка кемирүүчүлөрдөн, ал эми СЖда - суурлардан жана алардын эктомителеринен бөлүнүп алынган.

